*DOI:10.26104/NNTIK.2022.28.30.054*

***Сакиева С.С., Алиева Р.А.***

# ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮНҮ ҮЙРӨТҮҮНҮН ТЕХНОЛОГИЯСЫ
**(адабий окуу предметинин мисалында)**

***Сакиева С.С., Алиева Р.А.***

# ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ ЧТЕНИЮ И ПОНИМАНИЮ
**(на примере предмета литературное чтение)**

***S. Sakieva, R. Alieva***

# LEARNING TECHNOLOGY OF READING AND UNDERSTANDING
**(on the example of the subject of literary reading)**

*УДК: 37.01*

*Макаланын мазмуну башталгыч класста окуу жана түшүнүүнүн актуалдуу маселерине арналган. Макалада башталгыч класста окуу жана түшүнүүгө карата предметтик стандарт, окуу программасында, окумуштуулардын эмгектеринде каралган маселелер талдоого алынган. Адабий окуу сабагында окуу жана түшүнүү процессси тексти аны айтып берүү аркылуу ишке ашырылат. Башталгыч класста окуу көндүмүн калыптандырмайынча, түшүнүү көндүмүн ишке ашырууга мүмкүн эмес экендиги автор тарабынан баса белгиленген. Окуу жана түшүнүү көндүмү текстти окуу, аны айтып берүү аркылуу ишке ашат. Макалада окуу жана түшүнүүнүн формалары этаптар боюнча классификацияланган. Аларды аткаруудагы иш-аракеттер таржымалданган. Башталгыч класста окуу жана түшүнүүгө карата теориялык жана практикалык изилдөөлөр талдоого алынган. Окуу жана түшүнүүгө карата практикалык сунуштар берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *башталгыч класстар, предметтик стандарт, окуу программасы, окуу, түшүнүү, сөз байлыгы, билим, таанып-билүү.*

*Содержание статьи посвящено актуальным вопросам чтения и понимания в начальной школе. В статье проанализированы государственные предметные стандарты чтения и понимания в начальных классах, вопросы, рассматриваемые в учебной программе, и работы ученых. На уроке литературы процесс чтения и понимания текста осуществляется путем его пересказа. Автор подчеркивает, что в начальной школе невозможно реализовать навык понимания без формирования навыка чтения. Навык чтения и понимания реализуется путем чтения текста и его пересказа. В статье формы чтения и понимания классифицируются по этапам. Деятельность по их реализации фиксируется. Анализируются теоретические и практические исследования по чтению и пониманию в начальной школе. Даны практические рекомендации по чтению и пониманию.*

***Ключевые слова:*** *начальные классы, предметный стандарт, учебная программа, чтение, понимание, словарный запас, знания, познание.*

*The content of the article is devoted to topical issues of reading and understanding in elementary school. The article analyzes the state subject standards of reading and comprehension in the primary grades, the issues addressed in the curriculum, and the work of scientists. At the lesson of literature, the process of reading and understanding the text is carried out by retelling it. The author emphasizes that in elementary school it is impossible to realize the skill of understanding without the formation of reading skills. The skill of reading and understanding is realized by reading the text and retelling it. In the article, the forms of reading and understanding classified by stages. The activities for their implementation are fixed. Theoretical and practical researches on reading and understanding at elementary school are analyzed. Practical recommendations for reading and understanding are given.*

***Key words:*** *primary classes, subject standard, curriculum, reading, comprehension, vocabulary, knowledge, cognition.*

Окуучуларды асыл идеяларга, жогорку моралдык сапатка, аң-сезимдүүлүккө, алардын адаттарына тарбиялоодо, турмушту таанып-билүү деңгээлин жогорулатууда, адам турмушу жөнүндөгү билимин тереңдетүүдө, оозеки жана жазуу речтерин байытууда адабият кенири мүмкүнчүлүккө ээ. Ошондуктан адабиятты окутуунун негизги максаты окуучулардын дүйнөгө көз карашын иштеп чыгуу, идеялык, нравалык жана эстетикалык тарбия берүү, алардын сөз байлыктарын өстүрүү менен жалпы кругозорун кеңейтүү болуп саналат.

Адабиятты окутуунун методикасы педагогикалык илимдердин тармагына кирет. Адам баласынын ан-сезиминин ишмердигине байланышкан адабиятты үйрөнүү анын изилдөө объектиси болуп саналат. Адабиятты мектептерде үйрөнүүнүн сферасы өтө кеңири. Ал класста жана үйдөн окуу ишин, класста жана мектептен тышкаркы жумуштарды ичине алат. Адабиятты окутуунун методикалык процесси бири-бири менен органикалык байланышта болгон негизги үч элементтен турат: окуу предмети, окутуу-мугалимдин ишмердүүлүгү, окуу-окуучунун ишмердүүлүгү.

Адабиятты окутуунун методикасы бири-бири менен тыгыз байланышта турган төмөнкү проблемаларды чечет: кимди жана эмне үчүн окутат (окутуунун максаты), эмнеге окутат (окутуунун мазмуну жана системасы), кантип окутат (окутуунун методу жана формасы). Бул проблемалар окуучулардын адабият боюнча алган билимин окуучулардын өздөштүрүүлөрүнүн жана үйрөнүүлөрүнүн процессинде гана иш жүзүнө ашырылат [4;3;6]. Демек, адабиятты окутуунун калыптандыруучу этабы башталгыч класста Адабий окуу предмети аркылуу ишке ашырылат. Адабий

окуу предмети аркылуу кенже мектеп жашындагы балдарга **Окуу** жана **Түшүнүү** проблемасын окуп-үйрөнүү ишке ашырылат.

Башталгыч мектептин окуучуларына окуу жана түшүнүүнү үйрөтүү проблемасы узак мөөнөттө үйрөтүлүүчү процесс катарында педагогика илиминде изилденип келе жатат. Адабий окуу сабагында окуучунун көркөм текстти окуу аркылуу окуу жана түшүнүү көндүмдөрү калыптанат жана өркүндөтүлөт. Бул технологияны ишке ашыруу башталгыч класстар үчүн предметтик стандартта «Кыргыз тили жана окуу предмети 5 негизги компонентти өз ичине камтуу менен окутулат:

1) тыбыштык кабыл алуу (угууга басым жасалат);

2) тамгаларды билүү/алфавиттик принцип (окууга басым жасалат);

3) сөз байлык;

4) шар окуу (туура, көркөм окуу, тиешелүү ылдамдыктын сакталышы талап кылынат);

5) окуганын (укканын) түшүнүү жана грамматика» [1, 8-б.].

Окуу программасында «Адабий окуу окуучулардын текстти шар, туура, сезимдүү окуп, окуганын кайра айтып берүүсү, тексттеги тиешелүү суроолорго жооп берүүсү менен чектелбестен, алардын окуганындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, окуганын бөлүктөргө ажыратып план түзүп, тиешелүү деңгээлде көркөм сөз каражаттарына талдоо жасай билип, текстти өзгөртүп, өз алдынча чыгарма жаратып, окуп талдоого алган текст менен жаңы чыгарманын ортосундагы байланышты ача билүүсүнө жетиштирүүнү өзүнө алат. Окуу предметинин адабий окуу деп аталышы да мына ушуга негизделет б.а. окуу предмети мурдагыдан айырмаланып, анын адабийлүүлүгү күчөтүлмөкчү. Анткени, ар кандай чыгарманы кабыл алуу – бул биргелешкен чыгармачылык, автор менен окурмандын биргелешкен чыгармачылыгы (М.М. Бахтин), ал эми сабак процессинде талдоого алуу - мугалим менен окуучунун биргелешкен орток чыгармачылыгы (Г.Н. Кудина) болсо, образдарды, каармандарды үлгүсүз кабыл алуу (айрыкча, жомокторду оозеки угууда) чыгармачылык (Л.С. Выготский). Буга чейинки окуу программаларында окуучулардын адабий чыгармачылыгында анчалык маани берилбеген, окуу деген терминдин баштапкы мааниси менен гана чектелип калган. Адабий окуу окуучулардын текстти шар, туура, сезимдүү окуп, окуганын кайра айтып берүүсү, тексттеги тиешелүү суроолорго жооп берүүсү менен чектелбестен, алардын окуганындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, окуганын бөлүктөргө ажыратып план түзүп, тиешелүү деңгээлде көркөм сөз каражаттарына талдоо жасай билип, текстти өзгөртүп, өз алдынча чыгарма жаратып, окуп талдоого алган текст менен жаңы чыгарманын ортосундагы байланышты ача билүүсүнө жетиштирүүнү өзүнө алат. Экинчиден, адабий окууда таанып-билүү мүнөзүндөгү тексттердин үлүшү кыскарып, дээрлик көркөм тексттер түзөт. Анткени, бул окуу предметинин негизин идеялык-тематикалык принцип эмес, чыгарманын көркөмдүк-эстетикалык баалуулук принциби түзүп, тематикалык, жанрдык, автордук, мезгилдик, хронологиялык бөлүштүрүүлөр сакталат [1, 12-б.].

Демек, предметтик стандарт, окуу программасында көрсөтүлгөн талаптар боюнча алып караганда, текстти окуу жана түшүнүү проблемаларында, аларды окуп-үйрөтүүдө дидактиканын ырааттуулук системасы сакталууга тийиш экендиги аныкталат. Аларды өз алдынча карап чыгуу бир топ маанилүү экендигине ынанууга болот. Ал эми окуучу окуу жана түшүнүүнү өздөштүрүү менен окуучунун андан кийинки этапта улантылуучу чыгармачылыгы, орток чыгармачылыгы, биргелешкен чыгармачылыгын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Адабий окуу китебиндеги тематикалык, жанрдык, автордук, мезгилдик, хрологиялык принциптердин сакталышы, алардын тексттеринин окуп-үйрөнүлүшү да окуу жана түшүнүүнүн калыптанышына шарт түзө алат.

Окуу жана түшүнүү Адабий окуу сабагында класстар боюнча бөлүштүрулуп окутууну жана үйрөтүүнү камсыздайт. 1-класста (сабат ачуудан кийин) окуу техникасына өзгөчө маани берилет. Анткени, шар, көркөм окууга жетишпей туруп, текстти сезимдүү окуу, түшүнүү кыйын. Ошондой эле бул мезгилде диалог түрүндөгү жана ролдоштуруп окууга ыңгайлуу чыгармалар кеңири колдонулат. Мындай чыгармалар биринчиден, окуучунун түшүнүүсүнө женил болсо, экинчиден, бул куралктагы окуучунун инсандык сапаттарынын калыптанышы диалогдо, б.а. Башкаларга карата айтылган сөздө жана башкалардын сөзүн кабыл алууда активдешет, башкалардын кеби анын ички кебине айланат. Башкы көнүл-баланын текстти туура окушуна өзгөчө маани берилет. Алиппе китеби менен иштөө менен окуучуда текст, окуу жана түшүнүүнүн алгачкы элементтери калыптана баштайт. Балада китептеги текстти окуу, аларды женил түрүндө кабыл алуу түшүнүгү калыптанат. Окуулукка болгон кызыгуу ыкмасы ишке аша баштайт. Демек, бул иш-аракет биринчи этап катарында окуу процессинде окуп-үйрөнүлүп келе жатат.

Экинчи класста мазмуну, формасы боюнча жөнөкөй чыгармалар орун алып, элдик оозеки чыгармачылыктын жомок, табышмак, жаңылмач сыяктуу үлгүлөрүнө кенири орун берилет. Ал эми макал-лакаптар бардык класстарда кеңири колдонулат. Суроолорго тексттен жооп табуу, өз алдынча жооп берүү, окуган чыгармасындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүү, суроолорго карай айрым сөз каражаттарын таба

билүү, чыгармаларды өз алдынча улантуу, тиешелүү деңгээлде чыгарма жаратуу экинчи класста окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн өзөгүн түзөт [8, 13-б.]. Экинчи класста окуучунун окурмандык ишмердүүлүгү бир топ калыптануу жолуна түшөт. Текстти өз алдынча окууга, ага өз алдынча ой жүгүртүү менен окуу көндүмүнүн активдешкен формасы ишке ашырыла баштайт. Окуу жана түшүнүү технологиялары менен иштөөнүн активдешкен формасы практикада көбүрөөк пайдалана баштайт. Иш-аракеттин баары мугалимдин жетекчилиги менен гана ишке ашат. Окуучунун окуунун ылдамдыгынын активдүүлүгү, ар бир окулуучу тексттин мазмунуна ой жүгүртүү окуу жана түшүүүнүн өз алдынча ишке ашыра баштайт. Тексттин моделин түзүү менен анын мазмунун түшүнүүгө аракеттенет. Тексттин мазмунун жанры боюнча ажыратууга жетишет. Окуу ылдамдыгы менен өз алдынча иштей баштайт. Окуу ылдамдыгынын формасы мугалим тарабынан көзөмөлдөнүп, Окуу жана Түшүнүүнүн экинчи этабы ишке ашат.

Үчүнчү класста бул ишмердүүлүктөр андан ары улантылып, чыгарманын аты, сөз каражаттары менен иштөө терендетилип, тексттин түрлөрүн айырмалап, аны бөлүктөргө ажыратып, план түзүү. Окуялардын байланышын ача билүү, кептин түрлөрү, пикирлешүү маданияты боюнча иштөө, чыгарманы өзгөртүп түзүү өз алдынча чыгарма жаратуу ишке ашат. Окула турган чыгармалардын жанры кеңейип, мазмуну, формасы, тили улам татаалдашып, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү менен таанышуу менен окуу жана түшүнүүнүн формасы кенейе баштайт. Окууну жана түшүнүүнүнүн калыптануу формасы иштей баштайт. 1-2-класска караганда окуучу өз алдынча текст менен иштөөгө, аларга түшүнүүнүн маанилүү формасын изилдеп, өз алдынча чыгарма жаратууга багыт алат. Окуунун жана түшүнүүнүн үчүнчү этабы ишке аша баштайт.

Төртүнчү класста тексттеги кептин түрлөрү, пикирлешүү маданияты багытындагы иштер андан ары терендетилип, сөз өнөрүнө (жорго сөзгө, чечендикке, айтышка, төкмөлүккө) өзгөчө маани берилип, мындай чыгармалар жалаң гана уктурулбастан, окуучулар менен аларды жаратуу багытында иш алынып барылат. Бул этапта окуу жана түшүнүүнүн жыйынтыктоочу бөлүгү ишке ашат. Жыйынтыктоочу этапта окуучу текст менен өз алдынча иштөө менен окуу жана түшүнүүнү ишке ашыра башташат.

Окуу жана тушүнүү адабий окуу предметинде окуу процессин жүргүзүүдө дайыма толукталып, кошумчаланып туруучу педагогикалык процесс экендигин окуумуштуулар тарабынан сунушталып келет. Белгилүү окумуштуу, педагог Султан Турусбековдун эмгектеринде окуу көндүмү: туура (сөздү окуганда ката жибербей, так сөздү бузбай, интонацияны туура сактап окуу), сезимдүү (окуганын туура түшүнүү, аны айтып берүү), шар окуу (шар окуу иши-көркөм окууга жол ачат), үн чыгарып окуу жана ичинен окуу (үн чыгарып окуу менен окуунун бардык түрүн жүргүзөт жана баланын сүйлөө речине чон жардам берет) формаларын сунушталган. Ал эми түшүнүүгө карата окуган чыгармаларды пландаштыруу, окуганын айтып берүү, ырды жаттатуу, сөздүк жумуштарын жүргүзүү, ангеме жүргүзүүнүн жолдору, ыкмалары аркылуу ишке ашыруу керектигиин теориялык жана практикалык маселелерин көрсөткөн [3, 138-б.].

Ал эми С. Рысбаевдин эмгектеринде окуунун классификациясынын түрлөрү төмөнкүчө берилген:

Окуу техникасын калыптандыруу (тамга-муундап, муундап, муундап-сөздөп, купуя, шыбырап, жарыя, тез окуу), өз алдынча окуу (тил жатыктырып окуу, үйрөнүп окуу, жаттоо үчүн окуу, өзүн текшерүү үчүн окуу, көз жүгүртүп окуу) классификациялоо аркылуу окуу жана түшүнүүнүн дагы бир формасын сунуштай алган [6, 40-б.].

Биздин изилдөөбүз адабий окуу предметиндеги окуу жана түшүнүүнүн формаларына карата төмөнкү сунуштары каралган:

1. Башталгыч класста адабий окууга үйрөтүүдөгү окуу көндүмүнүн түрү (муундап окуу, муундап-сөздөп окуу, туура окуу, шар окуу, түшүнүп окуу, көркөм окуу).

2. Текстти талдоодогу окуу ишмердүүлүгүн уюштурууда калыптануучу окуу көндүмдөрү (көз жүгүртүп окуу, купуя окуу, жарыя окуу, ролдоштуруп окуу, салыштырып окуу (каармандардын образын), план боюнча окуу, сынчыл окуу, башкарып окуу, биргелешип окуу, бири-бирин окутуу) [5, 33-б.].

Жогорудагы окуу жана түшүнүүгө карата сунушталган концепциялар окуу процессинде окуп-үйрөнүлүп келе жатат. Окуу жана түшүнүүдө башкы көңүл - текст, текстти окуу, текстти талдоого бурулат. Жогорудагыларды эске алуу менен окуу жана түшүнүүнүн төмөнкү шарттарын бөлүп кароо керек.

1. Адабий окуу предметинде окуу көндүмү калыптанмайынча, текстти түшүнүү боюнча ишти алып баруу мүмкүн эмес экендиги жогорудагы мисалдардан көрүүгө болот. Ошондуктан окуу көндүмүн жүргүзүү боюнча С.Турусбековдун, С.Рысбаевдин, А.Токтомаметовдун, С. Сакиеванын эмгектери менен иштөө маанилүү экендигин белгилөөгө болот.

2. Түшүнүү процесси текстти окууну өздөштүргөндө гана ишке ашат. Демек, окуу жана түшүнүү ишмердүүлүгү дайыма биргеликте жүргүзүлүүгө тийиш.

3. 1-класста окуу жана түшүнүүнүн алгачкы элементтери үйрөтүлүүгө тийиш. Мында бала текст жөнүндөгү түшүнүктү кабыл алып, текстти окуунун формасы менен таанышат, же муун, сезимдүү, туура, көрктүү окууга карата сунуштаган С.Турусбековдун

системасы менен иштөө жагы ишке ашууга тийиш.

4. 2-4-класста жогорку сунушталган иш-аракеттер улантылуу менен текстти окуунун кенейтилген формасы, агыраак айтканда С.Рысбаевдин, А.Токтоматовдун, С.Сакиеванын сунуштаган багыттары колдонулуп, окуу жана түшүнүүнүн көндүмдөрү практикаланат.

5. Окуу жана түшүнүүдө окуучунун окуу ишмердүүлүгү менен биргеликте жүргүзүү практикаланат. Демек, бул текстке чейинки, текстти окуганда, текстти окугандан кийинки ишмердүүлүк аркылуу жүргүзүү ишке ашырылат.

6. Окуу жана түшүнүү процесси дайыма бирге жүргүзүлүүчү ишмердүүлүк. Адабий окуу сабактарында бул процессти бирдиктүү жүргүзүү талабы коюлууга тийиш.

**Адабияттар:**


1. Башталгыч класстагы кыргыз тили жана окуу предмети боюнча предметтик стандарт. - Бишкек, 2019. - 37 б.
2. Башталгыч класстардын программасы. Кыргыз тили жана адабий окуу жана класстан тышкаркы окуу, мекен таануу (1-4-кл.). - Бишкек, 2019. - 51 б.
3. Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К., Турусбеков С. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. - Фрунзе, 1965. - 450 б. - 83 б.
4. Классикалык изилдөөлөр жана тексттер. К.Иманалиев Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы / Түз. Б.Оторбаев. - Бишкек, 2019.
5. Сакиева С.С. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери. Доктордук диссертациянын авторефераты. - Бишкек, 2013. - 40 б.
6. Рысбаев С. Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары. - Бишкек, 2022. - 83 б.
7. Сакиева С.С. Новые взгляды обучения литературного чтения. / Известия вузов Кыргызстана. 2016. №. 7. С. 203-206.